С(Кырг)
К-58

Турар Кожомбердиев

# Тентек улак

«Көлчүктөгү ай»
6-китеп



УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-5
К58

Кожомбердиев Т.
К58 Тентек улак: 6 китеп
Б.:2017.- 24 б. - (Келчүктөгү ай)

ISBN 978-9967-472-50-1

## *Урматтуу бөбөктөр!*

Кыргыз элинин классик акыны Турар Кожомбердиевдин «Көлчүктөгү ай» аттуу балдарга арналган ыр жыйнагы анын тунгуч чыгармасы болуп саналат. Акындын "Көлчүктөгү ай" китеби 1961-жылы жаңы жарык кергенде кыргыз адабиятына башкача жаңылык жана чоң ачылыш жаратканы менен эсте калган. Бул китеп аркылуу кыргыз эли Турарды тубаса акын, нукура талант деп тааный баштаган. Акындын балдарга арнаган ырлары тарбиялык мааниси өте зор жана пайдалуу экенин мезгил тастыктап келет. Кепчүлүк балдардын суроосу менен 1977-жылы «Келчүктөгү ай» экинчи жолу басылып чыккан. Акындын замандашы, калемдеши Анатай Өмүркановдун айтымында, Турар Кожомбердиев ушул алгачкы китеби аркылуу эле кыргыз адабиятына дүйнөгө балдардын кезү менен караган, баланын психологиясын кылдат ездөштүргөн акын келгенин көрсөткөн: *«Турар поэзияга үйрөнчүк болуп келген жок. Келгенде эле кыргыз поэзиясынын катуу жабылып калган каалгасын шарт ачып, тиш каккан чеберлер отурчу секиге чыгып отурду. Сөки ага, ал секиге жарашты. Көз ачып көргөн «Көлчүктегү ай» кыргыз балдар поэзиясынын туу чокусунда Чолпон жылдыз болуп, түбөлүккө жаркырап калды. Чындыгын айтканда, Турарга чейинки кыргыз балдар поэзиясы «Торпогум», «Мышыгым» деген өтө женөкей деңгээлде эле. «Көлчүктегү ай» балдардын балалык кулк-мүнөз, ой-кыялын таасын чагылдырууда мурда кыргыздын бир да акыны кербегөн нерселерди керүп, аны кемелине келтиргендиги менен поэзия сүйүүчүлерүнүн жан дүйнөсүне булук салды, таң калтырды, жаңылык алып келди».*

Турар Кожомбердиевдин чыгармаларынын арасынан эң алгачкы «Көлчүктөгү ай» китебин акындын 75 жылдык маарекесине карата балдарга тартуулоо азыркы мезгилдин талабы деп ойлойм. Анткени китеп дүкендөрүнде кыргыз тилинде жаш балдарга арналып жазылган сапаттуу китептер жокко эсе. Ошол себептен мен, атам - Турар Кожомбердиевдин китептеринин арасынан "Көлчүктегү ай" китебин биринчи жаңыча чыгарууну туура көрдүм. "Көлчүктегү ай" китебинин бул жаңы басылышында акындын ар бир ырына ылайыкташтырылып образдуу тартылган жаңы сүреттер пайдаланылды. Ал эми кызыктуу ырларды коштогон керкем сүреттер китептин келөмүн да ээлерин эске алсак, бул жолу "Келчүктегү ай" тогуз сериядан турган китепчеге айланды.

Балдар, бул китеп силерге да бардык жагынан кызыктуу жана баалуу керкем деелет болуп калат деп ишенем. Андыктан алдыда силер менен кызыктуу жолугушууларга чейин саламатта болгула.

Бул китептердин басылып чыгышына көмөк керсетүп, жардам берген инсандарга да терең ыраазычылык билдирем.

***Китептин түзүүчүсү - Кожомбердиева Нургуль Тураровна***

К4803300200-16

ISBN 978-9967-472-50-1

УДК 821,51-93
ББК 84 Ки 7-5
© Кожомбердиев Т., 2017

С(Кир2)
К-54

Турар Кожомбердиев

# Тентек улак

"КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ"
6-китеп



1238
~~38692~~

# ТЕНТЕК УЛАК

*(жомок)*

Чоң асканын түбүндө,
Чептен салган үйүнде
Картаң эчки жашаптыр
Күнүнде да, түнүндө.

«Кармаймын деп кекилик»,
Таштан-ташка секирип,
Качып кетчү улагы
Бадалдарга бекинип.

Кармап келип улагын,
Сылап, өөп кулагын
Мындай дечү энеси:
- Эй, секетим, чунагым,

Ойноо тентек убагың.
Тил албасаң, чунагым,
Карышкырдын оозунда
Калат башың, кулагың.

Таяк берип колуна
Чептен салып койнуна,
Жылтылдаган шыңгырак
Коңгуроо такты мойнуна.

- Тентектенип ашынба,
Ойно үйдүн кашында.
Коңгуроону шыңгырат,
Коркунуч түшсө башыңа.



Колотторго жетпестен,
Үйден узап кетпестен,
Коңгуроосу «шаңк» этти
Аз убакыт өтпөстен.

Эки көзү алактап,
Эчки чуркайт балактап.
Келсе күлөт улагы
Коңгуроосу шарактап.

- Эмне болду, улагым,
Эмне, секет, чунагым?
- Чымын консо учуна
Ооруп кетти кулагым.

- Кулак салгын акылга,
Кур-бекерден бакырба.
Болбос эле иштерге
Экинчи ирет чакырба.

Колотторго жетпестен,
Үйден узап кетпестен,
Коңгуроосу «шаңк» этти
Аз убакыт өтпөстен.

Эки кезү алактап,
Эчки чуркайт шалактап.
Келсе күлет улагы
Коңгуроосу шарактап.

- Эмне болду, улагым,
Эмне, секет, чунагым?





- Чымын консо бутума
Ооруп кетти туягым.

- Кулак салгын акылга,
Кур-бекерден бакырба.
Болбос эле иштерге
Экинчи ирет чакырба.

Укпай айткан акылды,
Улам-улам бакырды,
Тамашалап энесин
Тогуз жолу чакырды.

Бир кезде артын караса,
Өзү менен жанаша
Ач карышкыр туруптур,
Мына кызык тамаша.

Энекелеп чакырды,
- «Ой, өлдүм!» - деп бакырды.
Эне келип койбоду,
«Калп айтат», деп ойлоду.

Кызыл кездүү карышкыр
«Карс-күрс» этип жөтөлүп,
Тиштеп алып улакты
Алып кетти көтөрүп.



## ТААРЫНЧААК

Балды бачым бербейт деп,
Чоң энеме таарынып.
Жатып калдым бүк түшүп,
Сары тонду жамынып.

Күлдү дагы чоң атам,
Балдын баарын жеп койду.
Таарынгандын тамагы,
Таттуу болот деп койду.

Бал жесең деп чоң атам,
Келбей койду жалынып.
А минтерин билгенде,
Жатпайт элем таарынып.



# КОРКПОС КОЁНЕКТЕР

Өтүп кетти биздерге
Карышкырдын чоңдугу.
Канчабызды жесе да,
Канааттанып тойдубу,
Деп чогулду коёндор:
- Өттү анын кордугу.

1-коён — Карышкырдан жүз эсе
Арбын биздин саныбыз,
2-коён — Биримдиктин жогунан
Бөрүлөрдүн наныбыз.
3-коён — Карышкыр эми келгенде
Качыралы баарыбыз.

Карышкыр жетип келгенде
Качырып сала беришти.
Туш-туш жактан торошуп,
Топулдатып тебишти.
Кайрат менен биримдик
Камсыз кылды жеңишти.

Качып кетти мыкаачы,
Коёндордон таланып.
Калч-калч этип титиреп,
Кылчак-кылчак каранып.

Ушул кезде коёндор
Жыргап жашап жүрүшөт.
«Коён» — деген сөз укса,
Карышкырлар бүрүшөт.
Коркок кезин эстешип,
Коёнектер күлүшөт.



## КҮН КАЯКТА?

Караңгы жерди жашырды.
Жылуу шамал басылды.
Үсен сурайт шаштырып,
Чоң атасы Ашымды.
- Түн киргенде, ыя ата,
Күн каякка жашынды?

- Күн кеткенин көрдүң го
Тиги тоонун артына,
Саламат бол дегендей
Кезүн ирмеп жалпыга.
Нурун чачат ал эми,
Африка калкына.



# МИНИП АЛЫП КӨПӨЛӨК

(калп)

Минип алып көпөлөк
Бөбөгүмдү өңөрүп,
Айга баргам көкөлөп.
Анда жүргөн көздөрим,
Али эсимден кетөлек.
Жүрбөй калып көпөлөк
Жерге түшкөм жетелеп.
Андан бери арадан
Алты жүз жыл өтөлөк.



# АЙ МЕНЕН КҮН
(тамаша)

Издегенден жадашып,
Каректерин кадашып,
Бир туугандар убара
Бир-биринен адашып.

Келген кезде агасы,
Кетип калат иниси.
Келген кезде иниси,
Кетип калат агасы.

Ай асманда түн бою.
Күн асманда күн бою.
Ай жол карайт түн бою.
Күн жол карайт күн бою.

Издеп жүрүп жадашып,
Каректерин кадашып,
Бир туугандар убара
Бир-биринен адашып.







~~28622~~ 1238

# БААТЫР БАЛА ЫЙЛАЙБЫ?

Биздин Мөкөн чоңойсом,
Баатыр бала болом дөйт.
Учкуч болуп зырылдап,
Айга барып коном дөйт.

Көрө коюп чычканды
Коркуп качты дырылдап.
- Айды алпер, - дөп апасын,
Ыйлай берет бырылдап.

Айткылачы, бөбөктөр,
Баатыр бала ыйлайбы?
Баатыр бала өңгүрөп,
Апакесин кыйнайбы?



Турар Кожомбердиев
“КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ”
6-китеп

# ТЕНТЕК УЛАК

Бөбөктөр жана кенже балдар үчүн
Ырлар

**Мазмуну:**

ТЕНТЕК УЛАК....................................................................2-7

ТААРЫНЧАК.......................................................................8-9

КОРКПОС КОЁНЕКТЕР......................................................10-11

КҮН КАЯКТА?....................................................................12-13

МИНИП АЛЫП КӨПӨЛӨК..................................................14-15

АЙ МЕНЕН КҮН.................................................................16-17

БААТЫР БАЛА ЫЙЛАЙБЫ?...............................................18-19

Басмага даярдаган: Кожомбердиева Нургуль
Сүрөтчүсү: Исраилова Динара
Компьютердик дизайн: Лазаренко Георгий

Кагаз форматы: 84x55 1\16, 1.5 фпл.
Нускасы 1000 экз.
“ГОЗНАК“ ЖЧКсында басылды.
720054 Бишкек ш., Интергельпо көчөсү, 1.

123 В
~~28622~~


Турар Кожомбердиев
Беке, Меке, Keke
жана мүйүздүү теке

Турар Кожомбердиев
Кетик тиш бөбөгүм

Турар Кожомбердиев
Биздин күчүк Кумалак

Турар Кожомбердиев
Жалакай Жантай

Турар Кожомбердиев
Көлчүктөгү ай
«Көлчүктөгү ай»

Турар Кожомбердиев
Тентек улак

Турар Кожомбердиев
Сугалак мышык

Турар Кожомбердиев
Коңуз
чегилген чана
«Көлчүктөгү ай»

Турар Кожомбердиев
Тамаша